И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча **Д 13.23.662** диссертациялык **кеңештин эксперти,** педагогика илимдеринин кандидаты, **профессор К.Ч. Джанузаковдун** 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы жана 13.00.04.- дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы илимий адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Мамашева Кенжегүл Пазыловнанын "Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык иегиздери"** деген темадагы диссертациясына

# Корутундусу

**Эксперт,** изденүүчү **Мамашева Кенжегүл Пазыловнанын "Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери"** деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

**Мамашева Кенжегүл Пазыловна** тарабынан даярдалып сунушталган кандидаттык диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча **Д 13.23.662** диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште **13.00.01. – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарых** адистигинин паспортунун 5 - 6 жана **7** пунктарынын, **13.00.04.- дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы** адистигинин 1 жана 2 пунктарынын жана талаптарынын мазмунуна толугу менен жооп берүүчү, болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо студенттердин жалпы жана атайын кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоол улуттук спорт оюнунун билими, билгичтиги жана көндүмдөрү менен толуктап байытуунун жана окутуунун, алардын адистик педагогикалык даярдыгын жакшыртуунун жаңы жолдорун, көйгөйлүү теориялык жана практикалык маселелерин изилдөөгө, кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруунун мазмундук компоненттерин, критерийлерин аныктоого, окутуп-үйрөтүүнүн теориялык модели менен педагогикалык шарттарын иштеп чыгууга жана аларды окуу-тарбия процессинде колдонуунун практикалык кеңештерин аныктоого байланыштуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**2. Диссертациялык иштин максаты.**

Диссертациялык иштин максаты катары изденүүчү: болочок дене тарбия мугалимдерин улуттук тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин, педагогикалык шарттарын, технологиялык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо, алардын натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу – деп белгилеген.

Белгиленген максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгүдөй **изилдөө милдеттери коюлган:**

1. Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин аныктоо;

2. Алдынкы илимий методология жана методдорго таянуу менен болочок мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адисттик компетенттүлүгүн калыптандыруунун мазмунун, педагогикалык шарттарын жана моделин иштеп чыгуу;

**3.** Болочок дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүлүгүн калыптандыруу боюнча педагогикалык шарттарды жана моделди эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Диссертациялык иштин изилдөө **обьектиси** катары – болочок дене тарбия дене тарбия мугалимдерин даярдоо процесси, ал эми изилдөөнүн **предмети катары** – болочок дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий теориялык негиздери, модели, педагогикалык шарттары жана күтүлүүчү натыйжалары - деп белгиленген.

Изденүүчү тарабынан, диссертациялык иштин максатына жетүү жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн жалпы педагогика илиминин жана дене маданиятынын теориясы менен методикасынын негизги теориялык жана эмпирикалык изилдөө методдору, ыкмалары кеңири колдонулуп, изилдөө иштери аткарылган. Эмпирикалык жана теориялык изилдөө методдорун колдонуу менен диссертант болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо жана алардын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда тогуз коргоол оюнунун теориялык, практикалык жана методикалык маанидеги билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн окутуунун жана үйрөтүүнүн негизинде студент-бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү, педагоикалык шарттары, теориялык модели жана практикалык кеңештери изилденип жыйынтыкталган.

**3. Илимий натыйжалар.**

Диссертациялык иште жалпы педагогика илимин жана дене маданиятынын теориясы менен методикасын жана практикасын жаңылоого, толуктоого багытталган жоболор алынып, дене тарбия мугалимдерин

даярдоодо жана алардын кесиптик компетенттүлүгүн калыптандырууда тогуз коргоол оюнунун билими, билгичтиктери жана көндүмдөрү менен тереңдентүүнүн жаңы жолдору, педагогикалык шарттары жана теориялык модели иштелип чыгып, алар эксперименталдык негизде лонгитюддук формада текшерилип, калыптандыруунун жаңы теориялык жана практикалык жолдору жана методикасы, көрсөткүчтөрү жана аларды ишке ашыруунун практикалык сунуштары иштелип чыгып, төмөндөгүдөй болуп белгиленген:

3.1. Кыргыз улуттук оюнунун таалим-тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн илимий жактан талдоо аркылуу болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери аныкталган педагогикалык шарттар аныкталган;

3.2. Заманбап илимий методология жана методдорго таянуу менен болочок мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адисттик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун мазмуну, педагогикалык шарттары,критерийлери , деңгээли, көрсөткүчтөрү жана аларды ишке ашыруу модели иштелип чыккан;

3.3. Болочок дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун натыжалуугулгу педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталды, тогуз коргоол боюнча адистешип окуган студенттердин башка студенттерге карата салыштырмалуу мүнөздөмөсү иштелип чыккан жана изилдөөдөн алынган натыйжаларды кеңири жайылтуу максатында практикалык сунуштар даярдалган.

Алынган илимий натыйжалардын жана жоболордун илимий – педагогикалык жана илимий-усулдук жаңылыгы, баалуулугу, ошондой эле практикалык маанилүүлүгү жогору деп белгилесе болот.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык иште алынган жоболордун жана натыйжалардын илимий-практикалык маанилүүлүгү - бул болочок дене тарбия мугалимдеринин адистик даярдыгынын сапаттуулугун жакшыртууга жана тереңдетүүгө багытталып, алардын кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоол оюнунун билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өздөштүрүү менен толукталып, калыптандыруунун мазмунун, программасын, критерийлеринин көрсөткүчтөрүн, теориялык моделин, педагогикалык шарттарын окутуу-машыктыруу сабактарында колдонуунун жолдорунун иштеп чыгуусунда жана практикалык сунуштарынын даярдалышында.

Диссертациялык изилдөөдөн алынган натыйжаларды жана практикалык сунуштарды жогорку окуу жайлардын тогуз коргоол боюнча сабактарында жана машыгууларында, жалпы эле орто билим берүүчү мектептерде, лицейлерде жана колледждерде окуучулардын дене тарбиялык даярдыгын жана билимин, көндүмдөрүн жогорулатууда, ошондой эле билим берүү мекемелеринин мугалимдеринин жаштардын ден соолугун чыңдоого байланыштуу иш-чараларын уюштурууда, тарбия-таалимдик жана логикалык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүдө, маданий-агартуучулук иш

тажрыйбасын, кесиптик квалификациясын жогорулатуу курстарында, семинарларында кеңири колдонсо болот.

**5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Изденүүчү Манашева Кенжегүл Пазыловнанын диссертациялык ишинин жана авторефератынын жазылышы, изилдөө материалдарынын логикалык ырааттуулукта кыскартылып, түшүнүктүү берилиши жана жыйынтыктоочу ой-пикирлери, сунуштары диссертациянын кол жазмасынын мазмунуна дал келет. **Бирок, автореферattын кол жазмасында орфографиялык мүчүлүштүктөргө жол берилип, ошол эле учурда, диссертациянын мазмунуна байланыштуу жарыяланган эмгектердин тизмеси жана эмгектин маанилүү кыскача маалымат-түшүндүрмөлөрү - кыргызча, орусча, англисче резьюмелер берилбей калган.**

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

Диссертациялык иште төмөндөгүдөй кемчиликтерге жана мүчүлүштүктөргө орун берилип калган:

**1.** Диссертациялык иштин 1-бапынын 1.1. жана 1.2. бөлүмчөлөрүндө болочок дене тарбия мугалимдеринин атайын жана жалпы педагогикалык кесиптик компетенцияларына жана тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенциялардын түрлөрүнө жана багыттарына, аларды калыптандыруунун теориялык-методологиялык маселелерине байланыштуу илимий-теориялык талдоолорго жана аныктамаларга, алардын мазмундарына, өзгөчөлүктөрүнө басымдуу көңүл бурулбай калган. **"Кесиптик компетенция", "кесиптик компетенттүүлүк", "дене тарбия мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгү"-** деген түшүнүкторүнө автордук теориялык-методологиялык талдоо жана аныктама берилгенде, биринчи баптын илимий-теориялык негизделиши жана илимий-логикалык ачылышы мазмундуу жана терең болмок.

**2.** Тогуз коргоол оюнунун жалпы жана адистик компетенцияларынын диссертациянын 44-45 жана 50-51 беттеринде кайталанып берилишинин ачыктамасы мазмундуу ачык негизделбей калган.

**3.** Болочок дене тарбия мугалиминин тогуз коргоол оюну боюнча кесиптик компетенцияларынын мазмунун жана маңызын, өзгөчөлүгүн түзгөн тогуз коргоолдун техникасы менен тактикасынын негизги ыкмаларына жана алардын түрлөрүнө кыскача көңүл бурулуп, аларды окутуп-үйрөтүүгө байланыштуу усулдук билим, билгичтик жана көндүмдөргө жеткиликтүү орун берилбей калган.

4. Диссертациянын кол жазмасында жана автореферattын текстинде айрым орфографиялык жана стилистикалык каталарга, бир канча ойду камтыган татаал сүйлөмдөрдү түзүүгө жол берилип калган ( 18-б.; 20-б; 27-б.; 29-б.; 33-б.; 34-б.; 36-б.; 37-б.; 44-б.; 45-б.; .; 53-б.; 71-б.; 92-б.; 95-б.; 96-б.; 97-б.; 125-б.; 126-б.; 127-б., ж.б.)

**7. Сунуштар.**

1. Диссертациялык иштин биринчи бапында **“дене тарбия мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгү”, “кесиптик компетенция”, “кесиптик компетенттүүлүк”** – деген түшүнүктөргө илимий-теориялык талдоо жүргүзүү менен дене тарбия жана спорттун педагогикасына негиздеп автордук аныктама берүү аракетин көрүү.

2. Диссертациянын кол жазмасында кеңири орун алып калган орус тилиндеги создөрдү жана терминдерди кыргыз тилине которуп берүү: профессионалдык-кесиптик; анализ-талдоо; физкультура-дене тарбия ж.б.

**3.** Диссертациянын 2.3. бөлүкчөсүндөгү, 76-бетинде берилген, **“Теориялык моделдин схемасынын”** педагогикалык шарттарынын жана күтүлүүчү натыйжалардын аталыштарынын редакциясын түздөө жана толуктоо.

**4.** Теориялык моделдин компонеттерине, мүмкүн болушунча толуктоо киргизип, болочок дене тарбия мугалимдеринин **“илимий-изилдөөчүлүк компетенцияларын калыптандыруунун ” мазмунуна орун берүү.**

**8. Сунуштамалар.**

1. Диссертациянын 2.2. бөлүмчөсүндө изилдөө иштеринде колдонулган **“моделдештирүү**” жана **“тестирлөө”** методдорунун мазмундук ачыктамасына көңүл буруу.
2. Диссертациянын кол жазмасында жана авторефератта орун алып калган айрым татаал, бир канча ойлорду камтыган сүйлөмдөрдү кайрадан карап чыгуу жана сүйлөмдөрдү жөнөкөй, түшүнүктүү илимий тилде берүү сунушталат. Кол жазманын сүйлөмдөрүнүн мазмунун, мүмкүн болушунча, илимий тилде жана түшүнүктүү жөнөкөй түзүлүштө (стилде) берилишине көңүл буруу керектиги сунушталат.
3. Илимий изилдөөлөрдөн алынган тыянактардын, натыйжалардын жана жаңылыктардын илимий-мазмундук редакциясына көңүл буруу жана аларды илимий жаңылык катарында так жана мазмундуу берүү сунушталат.
4. Диссертациянын жана авторефераттын кол жазмаларында тема боюнча илимий изилдөөлөрдүн этаптарын жана алардын кыскача мазмунун берүү.

**9. Корутунду.**

Диссертациялык иш, негизинен, педагогика илиминин жана дене маданиятынын теориясы менен методикасынын учурдагы актуалдуу жана көйгөйлүү суроолорунан болгон дене тарбия адистеринин педагогикалык даярдыгын жогорулатууга байланыштуу илимий-теориялык жана методикалык маселелерин изилдөөгө жана болочок дене тарбия мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоол оюнунун теориясы менен методикасынын, билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн, практикалык өзгөчөлүктөрүнүн негизинде калыптандыруунун, ошондой эле калыптандыруунун компоненттерин, критерийлерин, деңгээлин аныктоого,

теориялык моделин, педагогикалык шарттарын жана практикалык кеңештерин илимий жактан иштеп чыгууга багытталып аткарылган.

Эксперттик корутундунун 6-пунктында белгиленген кемчиликтер, кол жазмада жана авторефератта орун алып калган айрым мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин илимий баалуулугуна жана сапатына өтө чоң терс таасирин тийгизбейт. Алынган илимий жыйынтыктардын, натыйжалардын, жоболордун жана практикалык сунуштардын илимий-методикалык, илимий-теориялык маанилүүлүгү бар.

Диссертациялык иштин илимий негиздүүлүгү жана баалуулугу жалпысынан жогору бааланат. Изденүүчү **Мамашева Кенжегүл Пазыловнанын “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери” -** деген темадагы диссертациясынын кол жазмасынын жазылышын, даярдалышын, илимий материалдарынын берилишин Кыргыз Республикасынын **“Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобонун” 10 п. талаптарына жооп берет** деп эсептесе болот.

**10. Диссертациялык кеңештнн эксперти,** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча **Д. 13.23.662 диссертациялык кеңешине,** 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы жана 13.00.04.- дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы адистиги боюнча берилген **Мамашева Кенжегүл Пазыловнанын “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери” -** деген темадагы диссертациясынын кол жазмасын илимий жактан талдап чыгып, диссертациялык иштеги орун алып калган айрым кемчиликтерди, мүчүлүштүктөрдү белгилөө менен, илимий эмгекти **алдын ала коргоого кабыл алууга сунуш кылат.**

**Эксперт Джанузаков К.Ч.** ____________________

Эксперт К.Ч.Джанузаковдун колун - **“ТАСТЫКТАЙМ”**

**КТ “Манас” университетинин**
**кадрлар болүмү** ________ Максатбекова С.

12. 10. 2024-ж.

Эксперт К.Ч. Джанузаковдун кол тамгасын тастыктаймын
Дис кеңештин окум. катчысы Абдыкапарова А.О.